**«БЕКИТЕМИН»**
**Ош Мамлекеттик университетинин**
**ректору, профессор**
**___________ Кожобеков К.Г**
**«25» февраля 2025 ж.**

**№ 5 ПРОТОКОЛУ**

*Ош шаары* *21-февраль 2025-жыл.*

Ош Мамлекеттик университетинин “Коомдук саламаттыкты сактоо” кафедрасынынилим изденүүчүсү Аскарбекова Гүлдесте Аскарбековнанын 14.02.03 - коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн «Кыргыз Республикасында жалпы дарыгерлер (үй-бүлөлүк) практикасын өркүндөтүүдөгү, уюштуруудагы медициналык жана социалдык көйгөйлөр (Ош облусунун мисалында)» аталышындагы диссертациясынын алдын ала кароо.

**ТӨРАГА:** Муратов Абдижалил Абдразакович, ОшМУнун медицина факультетинин жалпы хирургия кафедрасынын профессору, медицина илимдеринин доктору.

**КАТЧЫ:** Ибраим уулу Мунарбек, ОшМУнун медицина факультетинин Коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынын окутуучусу

**КАТЫШКАНДАР**: Муратов Абдижалил Абдыразакович - м.и.д, профессор, (14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо); Маметов Равшан Райимбердиевич - м.и.д, профессор (14.02.03 - коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо); Шамшиев Абдилатип Абдрахманович - м.и.д, доцент., (14.02.03 - коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо); Жолдошев Сапарбай Тезекбаевич - м.и.д, профессор (14.01.09 – инфекциялык оорулар, 14.02.02 – эпидемиология); Муйдинов Фазлидин Фаезидинович - м.и.к, доцент (14.02.02 – эпидемиология); Истамов Кылычбек Төлөгөнович - м.и.к, доцент (14.01.17 – хирургия, 14.01.16 – фтизиатрия); Алдашукуров Ырысбек Абдыжапарович - м.и.к, доцент (14.03.03 - патологиялык физиология); Бекешова Элиза Насирдиновна - м.и.к. (14.02.03 - коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо); Мамаджанов Алишер - м.и.к. (14.02.02 – эпидемиология); Кутуев Жаныбек Акунович - м.и.к. (14.02.03 - коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо, улук окутуучу); Жапаров Келдибек Артыкбаевич - м.и.к. (14.02.03 - коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо, улук окутууч); Раззаков Азизбек Кокоевич - базистик жана клиникалык фармакология кафедрасынын фарм.и.к. доцент (14.04.01 фармакология); Бурканов Акылбек Эркинович - базистик жана клиникалык фармакология кафедрасынын ага окутуучусу; Абдыкаарова Айпери Садирдиновна - коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынын аспиранты; Борончиева Зарема Асековна - коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынын аспиранты; Табалдыев Алымбек Табалдыевич - коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынын аспиранты.

Жалпысынан кафедралар аралык отурумда 22 адам катышты.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. ОшМУнун медицина факультетинин “Коомдук саламаттыкты сактоо” кафедрасынын илим изденүүчүсү Аскарбекова Гүлдесте Аскарбековнанын 14.02.03 - коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн «Кыргыз Республикасында жалпы дарыгерлер (үй-бүлөлүк) практикасын өркүндөтүүдөгү, уюштуруудагы медициналык жана социалдык көйгөйлөр (Ош облусунун мисалында)» темадагы диссертациялык ишин талкуулоо.
2. Изденүүчү Аскарбекова Гүлдесте Аскарбековнанын медицина илимдеринин 14.02.03 - коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча кандидаттык экзамендин кошумча программасын талкуулоо жана кароо (тиркелет).

**Төрага, профессор Муратов А. А.** катышуучуларды күн тартиби, илимий жетекчиси жана рецензенттер менен тааныштырды. Чыгып сүйлөөлөрдүн регламенти колго салынып бекитилди.

**Сын пикирчилер:**

1. **Маметов Равшан Райимбердиевич** – балдар хирургичсы кафедрасынын башчысы м.и.д. профессор (14.02.03 - коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо);

2. **Жапаров Келдибек Артыкбаевич** – Ош шаардык үйбүлөлүк даарыгерлнр борборунун 8 филиалынын хирургу м.и.к. (14.02.03 - коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо, улук окутуучу);

**Төрага:** Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАК диссертациялык кеңештердин жобосуна ылайык диссертацияны коргоого чейин, илимий темасы бекитилген кафедрада каралып талкууланышы керек.

Кафедрага ОшМУнун медицина факультетинин “Коомдук саламаттыкты сактоо” кафедрасынын илим изденүүчүсү Аскарбекова Гүлдесте Аскарбековнанын 14.02.03 - коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 2-апрелиндеги чечими менен (протокол № 6) «Кыргыз Республикасында жалпы дарыгерлер (үй-бүлөлүк) практикасын өркүндөтүүдөгү, уюштуруудагы медициналык жана социалдык көйгөйлөр (Ош облусунун мисалында)» аталыштагы диссертациясы келип түшкөн. Илимий жетекчиси медицина илимдеринин доктору, Шамшиев Абдилатип Абдырахманович.

**Төрага Муратов А. А.:** Анкеталык маалыматтарды окуу үчүн катчыга сөз берилет.
**Катчы:** Аскарбекова Гүлдесте Аскарбековнанын анкетасы менен тааныштырды (анкета тиркелет).
**Төрага:** - Анкеталык маалыматтар боюнча суроолор барбы?
- Эгерде суроо жок болсо, илим изилдөөчүгө доклад жасоо үчүн 15 минута жана сын пикирчилер үчүн 10 минутадан убакыт берилет.
**Угулду:** Г. А. Аскарбековнанын доклады (доклад тиркелет).

**Төрага:** - Баяндама аяктады, баяндамачыга суроо берсеңиздер болот.

**СУРОО-ЖООП:**

**М.и.д., профессор Жолдошев С.Т.**

1. Диссертацияны оформление жасаганда кайсы талаптарга ылайык жана кайсы жобонун негизинде даярдалды?
2. Кандай мамлекеттик отчеттук формалар бар (стационар, цсм, диспансер ж.б) жана кайсы отчеттуулук формаларын колдондуңуз?
3. Эмне үчүн абсолюттук цифралар менен көрсөтүлгөн?

**Изденүүчү Аскарбекова Г.А.** Урматтуу Сапарбай Тезекбаевич уруксат берсеңиз суроолоруңузга жооп берейин.

1. Илимий ишти даярдоодо Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022 жылдын 18 январындагы №12 жарлыгы менен бекитилген "Илимий даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө" ЖОБОнун 1 тиркемесине таянып даярдалды.
2. Илимий иште Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министрлиги тарабынан сунушталып КРнын Улуттук статистика комитети тарабынан бекитилген "Башкы саламаттык камкордук жана башка амбулаториялык кызматтарды көрсөтүүчү саламаттыкты сактоо уюмдарынын иш-аракеттери жөнүндө" 12-здрав отчеттук формасы.", 12-нск "оорулар жана профилактикалык иштер жөнүндө", 14-Форма "стационардын ишмердүүлүгү" боюнча, "майыптуулук жөнүндөгү" 12/3-форма, КРССМнин жыл сайын чыгарылуучу "СПРАВОЧНИК" жана башка формалары колдонулду.
3. Оорулуук 100 миң кишиге, ал эми өлүм көрсөткүчтөрү миң кишиге көрсөткүчтөрү салыштырылган. Топтор ортосундагы айырмачылыктардын ишенимдүүлүгү параметрдик Стьюдент критерийи, репрезентативдик ката, катасыз болжолдоо үчүн ишенимдүүлүк критерийин эсептөө жана шайкештик коэффициентти колдонуу менен аныкталган.

**Төрага:** Урматтуу Сапарбай Тезекбаевич суроолоруңузга канааттандыңызбы?

**Жолдошев С.Т.:** - Ооба мен суроолорума толук жооп алдым.

**М.и.к., доцент Муйдинов Ф.Ф.**
**Суроо:** Сиздер сунуштаган регистратурадагы бейтаптарды болуштуруу буга чейинки регистратуранын ишинен эмне айрымачылыгы бар?

**Изденүүчү Аскарбекова Г.А.** Урматтуу Фазлидин Файзидинович суроонузга жооп берейин.

Биздин сунуштаган моделде баштапкы медициналык-санитардык жардам деңгээлиндеги каттоо жайлырында амбулатордук пациенттерди кабыл алууда япония тарабынан сунушталган **5S** каттоо системасынын (япон сөзү "сорттоо, рационалдуу жайгаштыруу, тазалоо, стандартташтыруу жана өркүндөтүү") принциптерин биздин аймактык өзгөчөлүкөтөрдү эске алуу менен толуктоолорду киргизип өзгөртүп колдондук. Мындай ыкманы киргизүү бейтаптарды каттоо процессин оптималдаштырууга жана бейтаптардын үй-бүлөлүк дарыгерге (ҮБД) же үй-бүлөлүк медайымга (ҮБМ) көрүлүүсүн күтүү убактысын кыскартууга, ошондой эле кабыл алуу зонасында эл көп топтолушун азайтууга мүмкүндүк берди.
**Төрага:** Урматтуу Фазлидин Файзидинович суроолоруңузга канааттандыңызбы?
**Муйдинов Ф.Ф.:** - Ооба рахмат.

**Ага окутуучу Бурканов А.Э.**
**Суроо:** Калктын табигый өсүү темпин изилдепсиздер, бирок ошол жерде жол кырсыктарынан каза болгондордун статистикасы эске алындыбы же оорулуулуктан гана өлүм көрсөткүчү изилдендиби?

**Изденүүчү Аскарбекова Г.А.** Урматтуу Акылбек Эркинович биздин илимий иштеги коюлган милдеттерге өлүм көрсөткүчүнүн факторлору кирбегендиктен биз бул багытта изилдөө жасаганыбыз жок. Бирок ДССУ (дүйнолүк саламаттык сактоо уюму) статистикалык маалыматтарына таянып Кыргызстандагы калктын жалпы жошоо мөөнөтүнүн узактыгын Түштүк Корея жана Европа өлкөлөрүнө салыштырмалуу саресеп (анализ) жасадык.
**Төрага:** урматтуу Акылбек Эркинович суроолоруңузга канааттандыңызбы?
**Бурканов А.Э.:** - ооба.

**Фарм.и.к., доцент Раззаков А.К.**
**Суроо:** Саламаттык сактоо министрлиги менен социалдык министрликти бириктирсе болобу? Себеби сиздердин диссертациялык ишиниздерде медициналык-социалдык деп турат?

**Изденүүчү Аскарбекова Г.А.** Урматтуу Азизбек Көкөевич бирнчи сурооңуз боюнча биздин милдетке кирбегендиктен толук жооп бере албаймын. Бирок жеке менин пикирим боюнча эки министрлик башка башка болгону эле жакшы. Себеби саламаттык сактоо министрлиги калктын ден-соолугу жөнүндө кам көрүүсү абзел, ал эми социалдык дегенде бир топ өзүнүн тармактары көп мисалы аз камсыз болгон үй-бүлөлөр, ата-энеси жок балдар, майыптуулугу бар калк ж.б.у.с.

**Экинчи сурооңуз боюнча** биздин диссертациялык ишитин темасы айтып тургандай изилдөөдө калктын медициналык эле эмес айрым социалдык көрсөткүчтөрүнө изилдөө жүргүзүлдү мисалы: үй-бүлөлүк медицинага бектилген калктын социалдык абалын аныктоо максатында анкетирлөө жүргүзүлдү. Мындан тышкары биз Ош шаарынын Черемушки кичи районундагы Ош шаардык ҮМБнын №4 филиалындагы аз камсыз болгон калктын аярлуу катмарындагы кош бойлуу жана төрөттөн кийинки аялдарга жергиликтүү бийлик (МАБ) өкүлдөрү менен биргеликте аз кандуулукту алдын алуу боюнча керектүү болгон тиешелүү дары дармектерди алып берип мониторинг жасадык. Бул иштерибиз да бир жагынан социалдык маселелерди камтып кетет.
**Төрага:** Урматтуу Азизбек Көкөевич суроолоруңузга канааттандыңызбы?
**Раззаков А.К.:** - Ооба мен сурролоруma жооп алдым, рахмат.

**М.и.к., ага окутуучу Кутуев Ж.А.**
**Суроо:** Илимий ишиңизде учурдагы жалпы дарыгерлер практикасын жакшыртуудагы аныкталган негизги чектөөлөр кайсылар болду? Жана аларды чечүү жолдору кандай?

**Изденүүчү Аскарбекова Г.А.** Урматтуу Жаныбек Ахунович сурооңузга жооп берсем, биринчи сурооңуз боюнча илимий ишти аткаруу учуруда Ош облусунда үй-бүлөлүк медицинаны өнүктүрүүдө бир нече негизги көйгөйлөр жана чектөөлөр бар экенин аныктадык. Алардын башында инфраструктуранын эскилиги, кадрлардын жетишсиздиги, калкка кызмат көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгү жана сапаты, финансылык чектөөлөр жана санариптик технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелиши турат.

**Экинчи суроонуз боюнча** бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн медициналык мекемелердин инфраструктурасын жаңылоо, кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу, санариптик системаларды киргизүү жана калк арасында ден соолукка кам көрүү маданиятын өнүктүрүү талап кылынат. Ушул багыттагы бир нече практикалык сунуштарды иштеп чыктык.

**Төрага:** Урматтуу Жаныбек Ахунович суроолоруңузга канааттандыңызбы?

**Кутуев Ж.А.:** - Ооба рахмат.

**Окутуучу Борончиева З.А.**

**Суроо:** Сиздин диссертациялык ишиңиздин методологиялык негидерин кимдердин эмгектери түздү?

**Изденүүчү Аскарбекова Г.А.** Урматтуу Зарема Асековна диссертациялык иштин методологиялык негиздерин негизинен үй-бүлөлүк медицина институтун терең изилдеген чет элдик жана ата мекендик окумуштуулар Касиев Н. К., Еругина, М. В., Н.Н.Биримкулов, М.М.Каратаев ж.башкалардын эмгектери негиз болду.

**Төрага:** урматтуу Зарема Асековна сурооңузга канааттандыңызбы?

**Борончиева З.А.:** - Ооба рахмат.

**Төрага:** Муратов А.А.: - Төрага катары менде да 3 суроо бар.

1. Илимий ишиңизден алынган натыйжаларынын практикалык мааниси?
2. Диссертациялык иштин жыйынтыктары буга чейин кайсы жерлерде талкууланган?
3. Эмне үчүн оорулуулук көрсөткүчүндө 2020 жылы башка жылдардан көрсөткүчтөр төмөн, буга анализ жасадыңызбы?

**Изденүүчү Аскарбекова Г.А.** Урматтуу Абдижалил Абдыразакович биринчи суроонуз боюнча жооп берсем.

1. Илимий иштен алынган натыйжалар Ош шаардык ҮМБнын №12 филиалында практикага киргизилди (актысы 14.11.2023 жыл).
2. Диссертациянын материалдары эл аралык илимий конференция (РФ, Нижневартовск 2021 ж); Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин эл аралык илимий-конференциясында (Ош ш., 2022 ж.); Ош Мамлекеттик Университетинин коомдук саламаттык сактоо жана клиникалык, базистик фармакология кафедралар аралык жыйынында (Ош ш., 2023 ж.); Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен ОшМУнун 85 жылдыгына арналган “Жаңы чакырыктардын алдында заманбап практикалык медицинанын актуалдуу көйгөйлөрү” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда (Ош ш. 2024 ж), “Лучший молодой ученый” эл аралык илимий (Астана, 2024 ж) конференцияда (2024ж) талкууланган.
3. Өзүңүздөргө белгилүү болгондой бул мезгилде дүйнөлүк пандемия КОВИД-19 илдети күч алып турган мезгил болчу. Ошол себептен дарылоо-профилактикалык медициналык мекемелерде толук кандуу иш жүргүзүлбөй отчеттуулук да тиешелүү деңгээлде болбогон. Ошол себептен 2020 жылдагы оорулуулк жана башка көрсоткучтор башка жылдарга салыштымалуу төмөн болгон.

**Төрага Муратов А. А.** Гүлдесте Аскарбековна мен дагы суроолорума толук жооп алдым. Дагы кимде кандай суроо бар?

Суроо жок болсо анда регламент боюнча сын пикирчилерге сөз берилет.

**Сын пикирлер:**

**Медицина илимдеринин доктору Р.Р. Маметовдун** сын-пикири угулду. (сын-пикир тиркелет) Маметов Р.Р. тарабынан төмөндөгүдөй кемчиликтер айтылды: диссертацияда материалдар жана ыкмалар бөлүмүндө кайсы жердеги калктан жана медициналык кызматкерлерден анкета аркылуу сурамжылоо жүргүзүлгөн так көрсөтүлгөн эмес. Сунушталган моделдер кайсы өлкөлөрдө колдонулуп келе жатат ошону менен салыштырмалуу анализ жасалган эмес. Көрсөтүлгөн кемчиликтер диссертациянын кийинки этабына чейин жоюуга болот.

**Изденүүчү Аскарбекова Г.А.**; Урматтуу Равшан Райымбердиевич биринчиден диссертациялык ишти толугу менен карап чыгып тиешелүү сунуштарыңызды бергениңиз үчүн терең ыраазычылык билдирем. Айтылган кемчиликтерди толугу менен жоёбуз.

**Медицина илимдеринин кандидаты, К.А. Жапаровдун** сын пикири угулду (сын пикир тиркелет). Сын пикирчи тарабынан тарабынан төмөндөгүдөй кемчиликтер айтылды: Диссертациялык иште Ош областы деп тема коюлган бирок илимий иш Ош шаарында гана жүргүзүлгөнү көрсөтүлгөн, бирок изилдөө иштери Областын айрым райондорунда да жасалган экен алар боюнча диссертацияда азыраак маалыматтар берилген. Ошол себептен райондордо жасалган иштер боюнча диссертацияга кеңири маалыматтарды берүүнү сунуштайм.

**Изденүүчү Аскарбекова Г.А.** Урматтуу Келдибек Артыкбаевич, сын-пикир жасап бергениңизге чоң рахмат. Белгиленген ката жана кемчиликтерди толугу менен иретке келтиребиз.

**Төрага:** анда илимий жетекчинин аспирантка берген пикири

**А.А. Шамшиевдин пикири угулду.** Илимий жетекчинин сын пикири (отзыв) (сын-пикир тиркелет).

**Төрага: Урматтуу катышуучулар анда регламент боюнча талкууга өтсөк.**

**ТАЛКУУЛОО:**

Талкууга катышкандар: Маметов, Р.Р, Муратов, А.А., Шамшиев А.А., Муйдинов Ф. Ф., Жолдошев С. Т., Истамов К. Т., Мамаев Т. М., Алдашукуров Ы. А., Кутуев Ж.А., Жапаров, К.А., Раззаков, А,К.

*Талкуу учурунда төмөндөгүлөр белгиленди:*

**Илимий иштин актуалдуулугу**

Белгилүү болгондой, медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүнүн жана сапатынын деңгээли, саламаттыкты сактоо системасынын натыйжалуулугу баштапкы медициналык-санитардык жардамдын абалы жана өнүгүүсү менен аныкталат.

Бир катар авторлордун изилдөөлөрү көрсөткөндөй, азыркы учурда шаар калкынын 40% жакыны гана амбулатордук дарыгерлердин ишине канааттанат. Баштапкы деңгээлдеги медициналык-санитардык жардамдагы участкалык дарыгерлер бейтаптарга чектелген жардам көрсөтүп, пациенттин жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн ден соолугуна туруктуу мониторингди камсыз кыла албаган диспетчерге айланды.

Белгилүү болгондой, баштапкы медициналык-санитардык жардамдын сапатын жогорулатуу максатында киргизилген жалпы медициналык практика системасынын

максаттарынын бири амбулатордук жардамдын көлөмүн көбөйтүү жана адистерге кайрылуунун санын кыскартуу болуп саналат.

Кыргызстанда амбулаторялык медициналык жардам көрсөтүү жалпы медициналык практиканынар кандай формасында уюшулган М: жалпы дарыгерлер практика (ЦОВП) жана үй-бүлөлүк медицина борборлорунда, фельдшердик-акушердик пунктарда, үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунда. Учурда үй-бүлөлүк дарыгер бейтаптын жана анын үй-бүлөсүнүн абалына туруктуу мониторингди камсыз кылбайт жана чындыгында көрсөтүлгөн жардамдын көлөмү жана сапаты үчүн жооп бербейт.

Азыркы мезгилде бир үй-бүлөлүк дарыгерге бир үй-бүлөлүк медайым туура келет, бирок үй-бүлөлүк медицина боюнча сертификаты бар медайымдардын саны жетишсиз.

Фельдшерлердин компетенцияларын жана функциялары боюнча учурдагы нускамалар алардын милдеттерин толук камтыбайт, натыйжада алар өздөрүнө тийиштүү болгон милдеттерин аткара албай жатышат. Мекеме-ишканалардын кызматкерлерин, аскер комиссариаттарындагы жана мектеп, балдар бакчаларындагы медициналык кароодон өткөрүү сыяктуу иштер үй-бүлөлүк медицинага кошумча жүктөм болууда.

Учурдагы тендердик система зарыл болгон дары-дармектерди өз убагында жана толук көлөмдө сатып алууга мүмкүндүк бербейт.

Үй-бүлөлүк дарыгерлердин жана медайымдардын жаңы кызматтык нускамаларын ишке ашырууну колдоо үчүн стимул берүү механизмдерин иштеп чыгуу зарыл. КТУнун учурдагы колдонулушу чектелген жана адилетсиз бөлүштүрүлүүдө.

Бейтаптарга мониторинг жүргүзүүдө үзгүлтүксүз байланыш деңгээли төмөн. Үй-бүлөлүк дарыгердин калк жана медицина чөйрөсүндөгү кадыр-баркы төмөндөй баштады. Мунун баары баштапкы медициналык-санитардык жардамды реформалоо жана үй-бүлөлүк медицина институтун өнүктүрүү зарылчылыгына алып келди.

**Изилдөөнүн максаты:**

Баштапкы медициналык-санитардык жардамдын жеткиликтүүлүгүн, сапатын, кадрдык потенциалын, калктын оорулуулук динамикасын, ошондой эле медициналык жардамды уюштуруу боюнча калктын жана дарыгерлердин пикирлерин талдоонун негизинде үй-бүлөлүк медицина системасын өнүктүрүү боюнча илимий негизделген сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлат:**

1. Демографиялык көрсөткүчтөрдүн өз ара байланышын, нозологиялык топтор боюнча кайрылуулардын динамикасын, ошондой эле Ош облусундагы баштапкы медициналык-санитардык жардам системасына калктын ишенимдик деңгээлин изилдөө.

2. Ош облусу жана Ош шаарындагы баштапкы медициналык-санитардык жардамдын структурасын, жеткиликтүүлүгүн жана кадр менен камсыздоо деңгээлин талдоо.

3. Калктын жана үй-бүлөлүк дарыгерлердин суроо-талаптарынын негизинде медициналык жардамдын сапатын жогорулатуу жана жалпы практикалык медицинанын ишин натыйжалуу уюштуруу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу.

4. Медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча иштелип чыккан иш-чаралардын натыйжалуулугун Ош облусу жана Ош шаарындагы баштапкы медициналык-санитардык жардам мекемелеринде баалоо жана салыштыруу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. Демографиялык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүшүнө миграция процесстери жана калктын карылыгынын өсүшү себеп болору аныкталды. Бул өзгөрүүлөр баштапкы медициналык-санитардык жардамды элдин динамикалуу муктаждыктарына ылайыкташтырууну талап кылат. Изилдөөдө биринчи жолу Ош облусунда төрөт курактагы аялдардын санынын азайышы, балдардын санынын өсүшүнүн басаңдашы сыяктуу демографиялык тенкөлдүктөр менен гипертония, курч респиратордук вирустук инфекциялар сыяктуу негизги оорулар боюнча кайрылуулардын динамикасынын түз байланышы далилденди.

2. Ош облусунда 2018–2023-жылдар аралыгында үй-бүлөлүк дарыгерлерге жана баштапкы медициналык-санитардык жардам адистерине болгон кайрылуулардын динамикасы алгачкы жолу изилденди. Натыйжада, толук эмес жумуш убактысынын коэффициенттеринин (1,2–2,0) жана ДССУнун (дарылоо-саламаттыкты сактоо уюмдарынын) стандарттарынын (врач: 14, демографиялык өсүүнү эске алуу менен) негизинде персоналды пландоонун интеграцияланган уникалдуу моделдери сунушталды. Моделдер ФАПтын (фельдшер-акушерлик пункт), ББПнын (башкы бейтапкана), ҮМБнын (үй-бүлөлүк медицина борбору) жана ЖТДнын (жалпы түшүнүктүү дарыгер) санын оптималдаштыруу менен көйгөйлүү аймактарга медициналык кадрларды тартуунун механизмдерин камтыйт.

3. Ош облусунун баштапкы медициналык-санитардык жардам системасынын сапатын жогорулатуу үчүн: бейтаптарды убагында каттоо; социалдык жактан алсыз абалдагы кош бойлуу аялдарда анемиянын алдын алуу; бейтаптарга медициналык жардамды жеткиликтүү көрсөтүү боюнча пландар иштелип чыкты.

4. Кыргызстанда алгачкы жолу адамдардын муктаждыктарына багытталган баштапкы медициналык-санитардык жардамдын интеграцияланган моделдери сынактан өткөрүлдү. Моделдердин жетишкендиктери бейтаптардын канааттануусунун жана медициналык кызматтын сапатынын көрсөткүчтөрүнүн жогорулашы менен далилденди.

**Илимий-иштин практикалык маанилүүлүгү.**

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде үй-бүлөлүк медицинада көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жогорулатуунун илимий негизделген моделдери иштелип чыгып, практикага киргизилди.

Изилдөөнүн материалдары практикалык медицинага киргизилген (Ош шаардык ҮМБнын №4 филиалы (14.11.2023-ж. киргизүү акты). Теориялык материалдар ОшМУнун Медицина факультетинин коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасында окуу процессине киргизилген (08.10.2024-ж. киргизүү акты).

**Төрага Муратов А. А.:** Албетте, теманын актуалдуулугунда суроо жок, тема көйгөйлүү. Изилдөө көп сандагы материалдар менен жүргүзүлгөн. Изденүүчү диссертациянын үстүнөн терең изденген жана жаңы илимий жаңылыктар ачылган.

1. Аскарбекова Гүлдесте Аскарбековнанын 14.02.03 - коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн «Кыргыз Республикасында жалпы дарыгерлер (үй-бүлөлүк) практикасын өркүндөтүүдөгү, уюштуруудагы медициналык жана социалдык көйгөйлөр (Ош облусунун мисалында)» аталышындагы диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын “Окумуштуу даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө” жобонун талаптарына жооп берген актуалдуу тема, илимий жаңылыкты камтыган жана практикалык мааниге ээ, аяктаган өз алдынча иш болуп саналат.

Комиссия илим изилдөөчүнүн материалдарын карап чыгып төмөндөгүдөй корутунду чыгарды:

- Материалдын көлөмү коюлган милдеттерге дал келет.
- Колдонулган материалдар тастыктоочу маалыматтарды алууга толук мүмкүндүк берет.
- Автор тарабынан чыгарылган тыянактар негиздүү.

Бул ишти, ийгилик каалоо менен коргоонун кийинки этаптарына сунуш кылалы. Анда эмесе добушка коем.

**Добуш берүү:**

| "Макул" | "Каршы" | "Калыс" |
|---|---|---|
| 24 | жок | жок |

Бир добуштан кабыл алынды. Рахмат.

2. Изденүүчү Аскарбекова Гүлдесте Аскарбековнанын 14.02.03 - коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча кошумча программасын бекитүү үчүн добушка коем.

**Добуш берүү:**

| "Макул" | "Каршы" | "Калыс" |
|---|---|---|
| 24 | жок | жок |

Бир добуштан кабыл алынды. Рахмат.

ОшМУнун медицина факультетинин "Коомдук саламаттыкты сактоо" кафедрасынын аспиранты Аскарбекова Гүлдесте Аскарбековнанын 14.02.03 коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча «Кыргыз Республикасында жалпы дарыгерлер (үй-бүлөлүк) практикасын өркүндөтүүдөгү, уюштуруудагы медициналык жана социалдык көйгөйлөр (Ош облусунун мисалында)» темадагы диссертациясын угуп жана талкуулап чыгып төмөндөгүдөй чечим чыгарды.

**ЧЕЧИМ:**

1. Аскарбекова Гүлдесте Аскарбекованын «Кыргыз Республикасында жалпы дарыгерлер (үй-бүлөлүк) практикасын өркүндөтүүдөгү, уюштуруудагы медициналык жана социалдык көйгөйлөр (Ош облусунун мисалында)» аталыштагы диссертациялык иши — актуалдуу тема боюнча аткарылган, заманбап методикалык деңгээлде жазылган, илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси бар, бүткөн жана өз алдынча илимий эмгек болуп саналат. Бул эмгек Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Улуттук аттестациялык комиссиясынын "Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө" жобосуна ылайык, кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга жооп берет.

2. Аскарбекова Гүлдесте Аскарбековнанын 14.02.03 коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча «Кыргыз Республикасында жалпы дарыгерлер (үй-бүлөлүк) практикасын өркүндөтүүдөгү, уюштуруудагы медициналык жана

социалдык көйгөйлөр (Ош облусунун мисалында)» аталыштагы диссертациясы диссертациялык кеңешке сунушталсын.

2. Аскарбекова Гүлдесте Аскарбековнанын 14.02.03 коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча кошумча программасы бекитилсин.

**Төрага, ОшМУнун медицина факультетинин "Жалпы хирургия" кафедрасынын профессору, м.и.д:** **Муратов. А. А.**

**Катчы, "Коомдук саламаттыкты сактоо" кафедрасынын окутуучусу:** **Ибраим уулу М.**

**25.02.2025 ж.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
2025 ж. «25» 02
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.